ДОМ
НАРОДОВ
ЯРОСЛАВСКОЙ
ОБЛАСТИ

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНГА ЭСКЕРТМЕ



***Саламатсызбы!***

*Ярославль аймагы - тарых менен маданият бириккен жер. Бул жерде ар улуттун өкүлдөрү жашап жаткандыгына сыймыктанабыз.*
*Бул ар түрдүүлүк - биздин байлыгыбыз, ал эми өз ара түшүнүшүү жана бири-бирин сыйлоо - Ярославль аймагынын жыргалчылыгынын жана биримдигинин негизи.*

*Ар бир тургун, ата-тегине карабастан, бири-бирин сыйлоого жана достукка негизделген күчтүү жана туруктуу коомду түзүүгө өз салымын кошот.*
*Биз биргеликте чоң ийгиликтерге жете алабыз жана жолдо кезиккен бардык кыйынчылыктарды жеңе алабыз.*

ДОМ
НАРОДОВ
ЯРОСЛАВСКОЙ
ОБЛАСТИ

ДОМ
НАРОДОВ
ЯРОСЛАВСКОЙ
ОБЛАСТИ

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРГА ЭСКЕРТМЕ

- Миграциялык каттоого туруу
- Иштөө үчүн патент алуу
- Эмгек келишими
- Жоопкерчиликтин түрлөрү
- Орусияда өзүн кандай алып жүрүү керек

Орусияга кирген ар бир чет өлкөлүк жаран миграциялык картаны алат.  Миграциялык картада "Жумуш" (бирок азыр бул зарыл эмес) максатын көрсөтүү сунушталат.

Андан кийин чет өлкөлүк жаран кабыл алуучу тараптын жайгашкан жерине барышы керек.



**Миграциялык каттоого туруңуз**



**Документтерди даярдаңыз**



**Келишим түзүңүз**

Орусияга келген чет өлкөлүк жаран миграциялык каттоого турушу керек.
Бул үчүн сизде төмөнкүлөр бар:
Эгер сиз ЕАЭБдин жараны болсоңуз **- 30 күн**
Эгер сиз Өзбекстандын же Тажикистандын жараны болсоңуз **- 15 күн**
Эгер сиз башка өлкөлөрдүн жараны болсоңуз **- 7 күн**

**Кабыл алуучу тарап төмөнкүлөр болушу мүмкүн:**
–турак жайдын ээси;
–юридикалык жак;
–турак-жай менен камсыз кылган Мамлекеттик орган же эл аралык уюм

Миграциялык картанын жарактуулук мөөнөтү чет өлкөлүк жарандын Орусияда жүрүү мөөнөтүнө жараша аныкталат.
Визасыз өлкөлөрдүн жарандары үчүн ал 180 күндүк ар бир мөөнөт үчүн жалпысынан **90 күнгө чейинтүзөт**.

Бул мөөнөт аяктагандан кийин Сиз төмөнкүлөрдүн негизинде миграциялык картанын мөөнөтүн узарта аласыз:

–Эмгек келишими боюнча (1 жылдан ашык эмес мөөнөткө);
–Иштөөгө уруксат берүү жана аны узартуу;
–Патент берүү жана аны узартуу же кайра тариздөө;
–Убактылуу жашап турууга же жашоого уруксатты тариздөө;
–Орусия Федерациясынын жарандыгын алуу үчүн документтерди тапшыруу;
–Мекендештерди көчүрүү программасына катышуу;
–Ден соолугуна байланыштуу өлкөдөн чыга албоо.

Кабыл алуучу тарап документтердин пакетин даярдайт жана аларды миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө документти тариздөө үчүн тапшырат. Жашап турган жерине келгендиги тууралуу билдирүү 1 жумушчу күндүн ичинде каралат.

**Документти кабыл алган органдын мөөрү басылган келгендиги тууралуу билдирүүнүн айырма бөлүгү чет өлкөлүк жарандын Орусияда миграциялык каттоого тургандыгын ырастаган документ болуп саналат.**

**Иштөө үчүн патент - бул документ:**

–Орусияга виза алууну талап кылбаган тартипте келген чет өлкөлүк жаранга же жарандыгы жок адамга жеке же юридикалык жак менен иштөөгө укук берет;
–анда көрсөтүлгөн кесип боюнча гана иштөөгө мүмкүнчүлүк берет;
–ал алынган Орусиянын аймагында гана жарактуу;
–18 жашка толгон чет өлкөлүк жарандарга берилет.

Иштөө үчүн патент 12 айга чейинки мөөнөт менен чектелген. Төлөм патент жарактуу болгон ар бир ай үчүн жүргүзүлөт. Патенттин акысы убагында төлөнбөсө, ал жараксыз болуп калат!


**1** Орусияга келүү


**2** Документтерд и даярдоо


**3** Жеке киреше салыгын (НДФЛ) төлөө


**4** Документтерд и тапшыруу


**5** Патентти алуу


**6** Жумушка алуу

Патент үчүн документтерди тапшыруу мөөнөтү Орусияга кирген күндөн тарта - 30 күн (эгер документтерди ыйгарым укуктуу уюм аркылуу тапшырсаңыз – 22 күн).

Иштөө үчүн патент бардык документтер тапшырылган күндөн тартып 10 жумушчу күндүн ичинде таризделет.

**Патентти даярдоо үчүн документтер:**

–патент алуу жөнүндө арыз;
–паспорт жана анын көчүрмөсү;
–фото сүрөт 3х4 см өлчөмүндө (түстүү, күңүрт);
–миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө билдирүү жана анын көчүрмөсү;
–паспорттун нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн орус тилине котормосу;
–кирүү мөөрү басылган миграциялык карта жана анын көчүрмөсү;
–чет өлкөлүк жарандын медициналык текшерүүдөн өткөндүгү жөнүндө маалымкат;
– ВИЧ-инфекциясынын жок экендиги жөнүндө сертификат;
–ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси;
–орус тилин билгендиги тууралуу сертификат;
–патент боюнча белгиленген авансттык төлөмдү төлөгөндүгү жөнүндө квитанция (НДФЛ/1)

**Эмгек келишими** – бул кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы өз ара укуктарын жана милдеттерин аныктаган келишим.  Мындай келишимдер адам менен да, компания менен да түзүлүшү мүмкүн.

**Эмгек келишиминде төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:**

- **эмгек акы төлөө шарттары жана эмгек акынын өлчөмү**
- **эмгек акы төлөө тартиби жана мөөнөттөрү**
- **жумуш убактысынын режими**
- **башка уюмда иштөө мүмкүнчүлүгү**

**Кызматкердин укуктары:**

−эмгек келишиминин шарттарын ак ниеттүүлүк менен аткаруу;
−жумуштан кетүү жөнүндө  14 күн мурун иш берүүчүгө жазуу жүзүндө билдирүү;
−эмгек тартибин жана коопсуздук эрежелерин сактоо;
−иш берүүчүнүн мүлкүнө жана жабдууларына аяр мамиле кылуу;
−жумуш берүүчүгө өмүргө жана ден-соолукка коркунуч туудурган жагдайларды билдирүү.

**Иш берүүчүнүн милдеттери**

–эмгек акыны кечиктирбестен же кармап калуусуз төлөп берүү;
–коопсуз жумуш орду жана эмгек келишиминде көрсөтүлгөн иш менен камсыз кылуу;
–Орусиянын аймагында убактылуу жүрүү мөөнөтүн патенттин жарактуулук мөөнөтүнө узартуу;
–Кызматтык инструкция жана иш тартиби жөнүндө маалымат берүү.

**Патент алгандан кийин 2 айдын ичинде эмгек келишиминин көчүрмөсүн Ички иштер министрлигине жөнөтүү керек.**

**Кызматкердин милдеттери:**

–өмүргө жана ден соолукка коркунуч туудурган иштерди аткаруудан баш тартуу;
–эмгек келишиминде көрсөтүлбөгөн иштен баш тартуу;
–эгерде эмгек акы 15 күндөн ашык кечиктирилсе, ишти токтотуу. Бул үчүн иш берүүчүгө жазуу жүзүндө арыз берүү керек;
–эмгек келишиминин көчүрмөсүн, төлөм баракчаларын, эмгек акысы тууралуу справкаларды талап кылуу керек.



**Миграция мыйзамын бузуу**
–Орусиянын аймагында документсиз жүрүү;
–Миграциялык каттоого туруу эрежелерин бузуу;
–Патентсиз иштөө;
–Башка аймакта/ башка кесип боюнча тариздделген патент боюнча иштөө;
–Патентти тариздөөнүн мөөнөттөрүн бузуу;
–Документтердин жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин Орусиянын аймагында болуу.



**Административдик жоопкерчилик**
–Коомдук тартипти бузуулар;
–Коомдук жайларда сөгүнүү;
–Жарандарга кордоп тийишүү.

**Ярославль аймагында 13.00дөн 15.00гө чейин, 22.00дөн 6.00гө чейин ызы-чуу салууга тыюу салынат.**
(жайкысын 1-июндан 31-августка чейин — 23.00ден 6.00ге чейин).



**Кылмыш-жаза жоопкерчилиги**
–Вандализм;
–Ден соолукка оор же орто зыян келтирүү;
–Уурдап айдап кетүү, уурулук, тоноочулук;
–Опузалап талап кылуу;

**Орусия -ар бир адам аткарууга милдеттүү мыйзамдар бар укуктук мамлекет. Мыйзам бузуунун оордугуна жараша жоопкерчиликтин ар кандай түрлөрүнө тартылышыңыз мүмкүн.**

|  |  |  | **Тартип бузуулар үчүн айып пулдардын түрлөрү** |
|---|---|---|---|
| | ✓ | | **Административдик камакка алуу** |
| | | ✓ | **Камакка алуу** |
| ✓ | ✓ | | **Орусиядан чыгаруу** |
| | | ✓ | **Депортация** |
| | | ✓ | **Түрмөдө камоо** |
| | | ✓ | **Орусияга кирүүгө тыюу салуу** |
| | ✓ | | **Милдеттүү иштер** |
| ✓ | ✓ | ✓ | **Айып пул** |

**Мыйзамдарды аткарыңыз**
Орусия - бардык көйгөйлөрду мыйзамдуу түрдө чечүүгө мүмкүн болгон мамлекет: бул үчүн пара берүүнүн, «макулдашып алуунун», "тааныштарды" издөөнүн кереги жок.  Баарыбыз мыйзамдарды аткарсак, анда ал мыйзамдар кыйын кырдаалдарда бизге жардамга келет.

**Улууларды сыйлаңыз**
Орусияда улуулардын сөзүн угуп, аларга жардам берүү салтка айланган: алардын кеңешин угуу, транспортто же кезекте орун берүү. Бул жаш куракка гана эмес, статуска да тиешелүү. Эгерде жашы же кызматтык абалы боюнча улуу бирөө сизге бир нерсе айтса, анын сөзүн угууга аракет кылыңыз.

**Эмоцияларды көрсөтүүдө токтоо болуңуз**
Орусияда "Бакыт тынччылыкты жакшы көрөт"  деп көп айтышат. Бирок бул орустардын өз бактысын бөлүшүүгө даяр эместигинен эмес, тескерисинче. Аны эң жакын адамдар менен бөлүшүү адатка айланган. Ал эми башкалардын баары бул жөнүндө билиши керек эмес - баары бир, алардын өз иштери жана көйгөйлөру бар. Ким билет, балким көчөдө өтүп бара жаткан адам сендей бактылуу болбогонуна капа болуп калат. Андыктан башкалардын тынчын албоо үчүн эмоцияларды көп көрсөтпөөгө аракет кылыңыз.

**Сылык жана жардам берүүгө даяр болуңуз**
Ар бир адамда кыйынчылыктар болот - бул болбой койбос. Орусияда тургундар кимге болбосун жардам берүүгө даяр, өзгөчө жардамды сылыктык менен сурасаңыз. Андыктан, кыйын кырдаалга туш болсоңуз, айланаңыздагылардан жардам сураңыз, алар сизден баш тартышпайт. Жөн гана сылыктык менен сураңыз жана "Сиз" деп кайрылыңыз - ошондо баары сөзсүз түрдө ишке ашат.

**Башкалардын ыңгайлуулугун сыйлаңыз**
Орусияда жеке мейкиндик жана ыңгайлуулук жогору бааланат, ошондуктан кимдир бирөө аны бузса, орусиялыктар нааразы болушу мүмкүн. Ошондуктан, Орусияда коомдук жайларда катуу сүйлөөгө, музыка угууга, бири-бирин түртүүгө ж.б.у.с. болбойт. Буларды кылбаганга аракет кылыңыз, ошондо башкалардын сизге болгон мамилеси кандай өзгөрөөрүн көрөсүз.

**Башка маданиятты урматтаңыз**
Орусия - көп улуттуу өлкө, анда көптөгөн маданияттар бири-бири менен чырмалышкан. Орусиялыктар башка маданиятты урматтаганга даяр, бирок сиз да ошондой мамиле кылышыңыз керек. Биз үчүн абдан кымбат болгон бир топ маанилүү майрамдар жана эстеликтер бар. Аларга урмат-сый менен мамиле кылгыла, ошондо Сиздин каада-салттарыңызга да ошондой мамиле кылынат.

# ОРУСИЯ ТЕРРОРГО КАРШЫ



**ОРУСИЯДА ТЕРРОРИСТТИК МҮНӨЗДӨГҮ КЫЛМЫШТАРДЫ ЖАСАГАНДЫГЫ ҮЧҮН ӨМҮР БОЮ ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУГА ЧЕЙИН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖООПКЕРЧИЛИГИ КАРАЛГАН**

---

**ТЕРРОРИСТТЕР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ БОЛГОН АДАМДАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ТҮЗБӨҢҮЗ**

---

**БЕЛГИСИЗ ЖӨНӨТМӨЛӨРДҮ ЖЕТКИРҮҮГӨ МАКУЛ БОЛБОҢУЗ, СИЗГЕ БУЛ ҮЧҮН АКЧА СУНУШТАЛСА ДА**

---

**БЕЙТААНЫШ АДАМДАРДЫ КОЛДОО ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫН ЖӨНӨТПӨҢҮЗ, АЛАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК ТЕРРОРИСТТИК УЮМДАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ КАТЫШУУСУ МҮМКҮН**

**ОРУСИЯ ТЕРРОРГО КАРШЫ**

# ДАРОО ПОЛИЦИЯГА КАБАР БЕРИҢИЗ

- **Эгерде сиз террористтик жана экстремисттик уюмдардын ишмердүүлүгү тууралуу кабардар болсоңуз**
- **Эгерде сизди террористтик мүнөздөгү кылмышты жасоого тартып жатышса, террористтердин катарына азгырып жатышса, акча которууну сунуштап жатышса**
- **Эгерде сиз адамдын согуштук аракеттерге катышуу үчүн чет өлкөгө чыгуу ниетин билип алсаңыз**

ПОЛИЦИЯ
**112**

Орусиянын Федералдык коопсуздук кызматынын Ярославль аймагы боюнча башкармалыгынын нөөмөтчүсү **(4852) 20-00-40**

Орусиянын Ички иштер министрлигинин Ярославль аймагы боюнча экстремизмге каршы күрөшүү борбору
**(4852) 59-12-51**

**БУЛ КӨП АДАМДАРДЫН ӨМҮРҮН САКТАЙТ!**

# ЧЕТ ТИЛ КАТАРЫ ОРУС ТИЛИ, ОРУСИЯНЫН ТАРЫХЫ ЖАНА ОРУСИЯНЫН МЫЙЗАМЫНЫН НЕГИЗДЕРИ БОЮНЧА СЫНАКТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ

Орусия Федерациясынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, төмөнкү учурларда чет өлкөлүк жарандар үчүн сынакты тапшыруу милдеттүү болуп саналат:

- **Убактылуу жашап турууга же жашоого уруксат алуу үчүн миграция кызматына кайрылуудан мурун**
- **Жумуш визасын алганга чейин**
- **Орусияга эмгек ишмердигин жүргүзүү максатында келген жана иштөөгө расмий уруксат алууну каалаган визасыз мигранттар үчүн**

**Сынактар төмөнкү дарек боюнча өткөрүлөт:**

**Ярославль ш., Полушкина Роща көчөсү, 16-үй, 51-имарат**

**Маалымат алуу үчүн телефон номери: +7(905)638-16-64**

**E-mail: migrant@uniyar.ac.ru**

**СЫНАКТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ**

**ДОМ НАРОДОВ ЯРОСЛАВСКОЙ ОБЛАСТИ**

**Ярославль ш., Октябрь пр., 88 «б» (1-кабат)**
**E-mail: domnarodovyao@mail.ru**

Ярославль аймагынын Улуттар үйүнүн сайты

Орусиянын Ички иштер министрлигинин Ярослав аймагы боюнча башкармалыгынын байланыш маалыматтары жана түзүмү

Ярославль аймагынын Улуттар үйүнүн ВКонтакте тобу

Ярославль аймагынын Улуттар үйүнүн Телеграм каналы